№1-тиркеме.

**«БЕРЕКЕ» МОБИЛДИК ТИРКЕМЕСИНИН БЕТ АЧАРЫНДАГЫ ШЫКТАНДЫРУУЧУ (ИНТЕРАКТИВДИК) ИШ ЧАРАНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш чаралардын аталышы: «Береке» мобилдик тиркемесинин бет ачары.
1.2. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын уюштуруучусу: «Айыл Банк» ААКсы.
1.3. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш чараларды өткөрүү мезгил аралыгы: 2024-жылдын 23-майы. "Айыл Банк" ААКсы кайсыл болбосун учурда шыктандыруучу (интерактивдик) иш чаралардын шарттарына жана мөөнөттөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (токтотуу же мөөнөтүн узартуу) укугун өзүндө калтырат. Шарттары жана мөөнөттөрү өзгөргөн учурда, Банк ал тууралуу кардарларга Банктын расмий сайтында маалымат берүүгө милдеттүү.
1.4. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын максаты – “Береке” мобилдик тиркемеси менен колдонуучулар санын арттыруу жана "Айыл Банк" ААКсынын кардарлары арасында банктык продукттар тууралуу маалыматты жайылтуу.
1.5. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралар шыктандыруучу лотерея болуп саналбайт. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүлөрүн аныктоо учурунда кокусунан жол берилиши принциби (жеңүүчүнү эркин тандап алуу алгоритмин колдонуу), “оюн” мүнөздүүлүгү жана акы төлөө менен катышуу жокко чыгарылган.
1.6. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларга катышуу ыктыярдуу негизде.
1.7. Ушул Эрежелер, ошондой эле аларга карата өзгөртүүлөр "Айыл Банк" ААКсы Башкармасынын токтому кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.
1.8. Ушул Эрежелер, ошондой эле аларга карата өзгөртүүлөр Банктын www.ab.kg дарегиндеги расмий сайтында жайгаштырылган.

## 2. Шыктандыруу (интерактивдик) иш-чараны өткөрүү шарттары

2.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларга катышуу үчүн катышуучулар төмөнкү милдеттүү шарттарды аткаруусу зарыл:
2.1.1. Бишкек шаары, Чокан Валиханов атындагы көчө, 2 дареги боюнча жайгашкан "АЮ GRAND" Соода Борунда 2024-жылдын 23-майында саат 10:00дө өтө турган “Береке” мобилдик тиркемесинин бет ачарына жеке катышуусу.
2.1.2. App Store же Google Play аркылуу “Береке” тиркемесин көчүрүп алуу жана милдеттүү түрдө “Береке” мобилдик тиркемесинде каттоодон жана авторизациядан өтүү.
2.1.3. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларга “Береке” мобилдик тиркемеси жана/же "Айыл Банк" ААКсынын ишмердиги тууралуу суроолор топтомуна толук жооп берүү менен Google Forms (сурамжылоолорду администрлөө жана маалыматтарды топтоо үчүн программалык камсыздоо) аркылуу катышуу жана баардык суроолорго жооп берген тизмедеги алгачкы 10 (он) катышуучунун катарында болуу. Мында, Google Forms жабылган учурдун акыркы секундасына

чейин Google Forms кызматына жөнөтүлгөн форманын убактысы эске алынат.

## 3. Катышуучуларга коюулуучу талаптар

3.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларга төмөнкүлөр катышып, тиешелүүлүгүнө жараша, белектерди ала алышпайт:

3.1.1. "Айыл Банк" ААКсынын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (жубайы, ата-энеси, балдары, багып алуучулары, асырап алынгандар, жакын туугандары, бир-туугандары, чоң атасы, чоң энеси, неберелери).

3.1.2. "Айыл Банк" ААКсы менен аффилирленген жактар.

3.1.3. Жашы 18ге жете электер.

3.1.4. Резидент эместер.

## 4. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби

4.1. «Айыл Банк» ААКсы жеңүүчүлөрдү ушул Эрежелердин "Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды өткөрүү шарттары" деп аталган 2-бөлүгүндө белгиленген бардык милдеттүү шарттарды аткарышкан катышуучулар арасынан, Бишкек шаары, Чокан Валиханов атындагы көчө,2 дареги боюнча жайгашкан "АЮ GRAND" Соода борборунда 2024-жылдын 23-майында саат 10:00 өтө турган "Береке" мобилдик тиркемесинин бет ачарын өткөрүү учурунда аныктап чыгат.

4.2. Google Forms кызматына акыркы секундага чейин форманы жөнөткөндөрдү белгилөө менен суроолорго туура жооп берген тизмедеги алгачкы 10 (он) катышуучунун арасынан жеңүүчүнү аныктоо. Төмөндө 4.2-пунктта белгиленген шарттарга ылайык жеңүүчүлөрдү аныктоонун болжолду мисалы келтирилген:

1) 00:00:40 – 1-катышуучу – 10/10
2) 00:00:45 – 2-катышуучу – 10/10
3) 00:00:46 – 3-катышуучу – 10/10
4) 00:00:50 – 4-катышуучу – 10/10
5) 00:00:51 – 5-катышуучу – 10/10
6) 00:00:55 – 6-катышуучу – 10/10
7) 00:00:59 – 7-катышуучу – 10/10
8) 00:01:02 – 8-катышуучу – 10/10
9) 00:01:03 – 9-катышуучу – 10/10
10) 00:01:05 – 10-катышуучу – 10/10
11) 00:01:07 – 11-катышуучу – 10/10
12) 00:01:08 – 12-катышуучу – 10/10
13) 00:01:11 – 13-катышуучу – 10/10
14) 00:01:15 – 14-катышуучу – 10/10
15) 00:01:16 – 15-катышуучу – 10/10
16) 00:01:18 – 16-катышуучу – 10/10
17) 00:01:25 – 17-катышуучу – 10/10
18) 00:01:29 – 18-катышуучу – 10/10
19) 00:01:35 – 19-катышуучу – 10/10
20) 00:01:45 – 20-катышуучу – 10/10

Ошентип, жеңүүчү болуп төмөнкүлөр саналат:

| Орун | Жеңүүчү | Орун | Жеңүүчү |
|---|---|---|---|
| 1-орун | 1-катышуучу | 6-орун | 6-катышуучу |
| 2-орун | 2-катышуучу | 7-орун | 7-катышуучу |
| 3-орун | 3-катышуучу | 8-орун | 8-катышуучу |
| 4-орун | 4-катышуучу | 9-орун | 9-катышуучу |
| 5-орун | 5-катышуучу | 10-орун | 10-катышуучу |

4.3. Эгерде, шыйтандыруучу (интерактивдик) иш-churанын Google Forms кызматына

формaны жөнөткөн  убакты боюнча бирдей белги коюлган, туура жооп берген 2 (эки) же андан көп катышуучу аныкталган болсо, алып баруучу аларды чакырып, жеңүүчүнү аныктоо үчүн кошумча суроолорду берет. Туура эмес жооп берген катышуучулар жеңүүчүлөрдүн негизги тизмесинен чыгарылбайт, болгону кезектеги орунду ээлей беришет, ал эми калган бардык катышуучулар тиешелүүлүгүнө жараша, кезектүүлүгү менен бир баскыч төмөн жылдырылат. Алып баруучу тарабынан шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүлөрүн жарыя кылып жаткан кезде, катышуучу “Береке” мобилдик тиркемесинин бет ачары өткөрүлүп жаткан жеринде болуусу зарыл.

4.4. Эгерде шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча катышуучулардын бири дагы баардык суроолорго туура жооп бере албаган болсо, анда белги коюлган убакыт, түптөлгөн маалыматтарды эске алуу менен катышуучулардын бүтүндөй санынан туура жоопторду эң көп бергендер эсепке алынат. Төмөндө, 4.4-пунктта белгиленген шарттар боюнча жеңүүчүнү аныктоонун мисалы келтирлген:

1) 00:00:40 – 1-катышуучу – 5/10
2) 00:00:45 – 2-катышуучу – 3/10
3) 00:00:46 – 3-катышуучу – 4/10
4) 00:00:50 – 4-катышуучу – 2/10
5) 00:00:51 – 5-катышуучу – 6/10
6) 00:00:55 – 6-катышуучу – 1/10
7) 00:00:59 – 7-катышуучу – 7/10
8) 00:01:02 – 8-катышуучу – 9/10
9) 00:01:03 – 9-катышуучу – 0/10
10) 00:01:05 –10-катышуучу – 8/10
11) 00:01:07 – 11-катышуучу – 5/10
12) 00:01:08 – 12-катышуучу – 4/10
13) 00:01:11 – 13-катышуучу – 3/10
14) 00:01:15 – 14-катышуучу – 5/10
15) 00:01:16 – 15-катышуучу – 9/10
16) 00:01:18 – 16-катышуучу – 7/10
17) 00:01:25 – 17-катышуучу – 6/10
18) 00:01:29 – 18-катышуучу – 10/10
19) 00:01:35 – 19-катышуучу – 6/10
20) 00:01:45 –  20-катышуучу – 8/10

Ошентип, жеңүүчү болуп төмөнкүлөр саналат:

| Орун | Жеңүүчү | Орун | Жеңүүчү |
|---|---|---|---|
| 1-орун | 18-катышуучу | 6-орун | 7-катышуучу |
| 2-орун | 8-катышуучу | 7-орун | 16-катышуучу |
| 3-орун | 15-катышуучу | 8-орун | 5-катышуучу |
| 4-орун | 10-катышуучу | 9-орун | 17-катышуучу |
| 5-орун | 20-катышуучу | 10-орун | 19-катышуучу |

4.5. Эгерде, шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча катышуучулардын саны 10 (он) адамдан кем болсо, анда байге фонду 4.2, 4.3, 4.4-пункттардын негизинде катышуучулардын иш жүзүндөгү санына бөлүштүрүлөт, андан ары шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралар 4.2, 4.3, 4.4-пункттарда белгиленген шарттарда, 4.7-пункттагы Таблицада белгиленген байге фондуна ылайык, жетпей калган жеңүүчүлөрдү аныктоо максатында кайталап өткөрүлөт. Мында, ага чейин аныкталган жеңүүчүлөр кайталап катыша алышпайт.

4.6. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралар үчүн байге фонду "Айыл Банк" ААКсынын каражатынын эсебинен түптөлгөн.

4.7. Шыктандыруучу (интерактвидик) иш-чаралар үчүн байгелер чектелүү жана №1-таблицада чагылдырылган:

№ 1-таблица. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаранын байге фонду:

| Байгелүү орундар | Байгенин аталышы | Саны, даана |
|---|---|---|
| 1 | iPhone 15, 128 ГБ, Кара | 1 даана |
| 2 | Galaxy Tab A9+ 128Gb | 1 даана |
| 3 | Алиса кошулган Яндекс Станция 2 акылдуу колонкасы, 30Вт | 1 даана |
| 4-10 (кошо алганда) | Бренд топтом (свитшот, блокнот, калем сап) | 7 даана |

4.8. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүлөрүнө белектерди тапшыруу ушул Эрежелердин “Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды өткөрүү шарттары” деп аталган 2-бөлүгүндө белгиленген бардык милдеттүү шарттарды аткарган катышуучуларга, Бишкек шаары, Чокан Валиханов атындагы көчө,2 дареги боюнча жайгашкан "АЮ GRAND" Соода борборунда 2024-жылдын 23-майында саат 10:00 өтө турган “Береке” мобилдик тиркемесинин бет ачарын өткөрүү учурунда тапшырылат.

4.9. Жеңүүчү бренд топтомдорунун аталышын, санын жана параметрлерин тандай албайт, ал Банк тарабынан аныкталат.

4.10. Кандай гана шарт болбосун, шыктандыруучу (интерактивдик) иш чаралардын бир дагы белеги наркы боюнча нак акчага алмаштырылып берилбейт.

4.11. Эгерде катышуучу шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын белегин алуудан баш тартса, шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын шарттарын аткарбай койсо же катышуучунун күнөөсү боюнча белгиленген мөөнөт ичинде жана тартипте белеги алынып кетилбесе, шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучусу белекти алуу укугунан ажырайт, шыктандыруучу (интерактивдимк) чаралардын катышуучусуна таандык болгон белек Уюштуруучуда калат жана 4.2.-пунктта белгиленген шарттарды аткарган кезектеги катышуучуга берилиши мүмкүн. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүсү тарабынан алынып кетпеген белектер кайтарылып берилбейт, акчалай компенсация төлөнбөйт.

## 5. **Жеңүүчүгө белек тапшыруунун тартиби**

5.1. Эгерде жеңүүчү шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын бардык шарттарын аткарган учурда шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды уюштуруучу шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын алып баруучусуна шыктрандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүлөрүнүн тизмесин тапшырып берет.

5.2. Белекти берүү алдында шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын уюштуруучусу ким экендигин тастыктаган документи менен кайрылган адамды идентификациялайт, катышуучунун фамиясын жана атын, телефон номерин жеңүүчү Google Forms аркылуу киргизген маалыматтарга салыштырып, текшерет жана жеңүүчү шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүсү бардык шарттарды аткаргандыгын тастыктайт.

5.3. Жеңүүчү банктык сырды, жеке маалыматтарды ачыкка чыгаруу жана маалыматты кайсыл болбосун жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырууга макулдук катына кол коет. Жеке маалыматтарын жана паспортунун көчүрмөсүн Банкка берүү тууралуу Макулдук берүү же болбсо Баш тартуу катына жеке өз колу менен толтурулушу керектиги тууралуу маалымат жеңүүчүгө түшүндүрүлүүсү зарыл.

5.4. Жеңүүчү "Айыл Банк" ААКсынын белекти кабыл-алуу өткөрүп берүү актысына кол коет.
5.5. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүлөрү санариптик жабдууларга (фотоаппарат/видеокамера) тартылып алынат, ал эми салтанаттан алынган сүрөттөр менен видеоматериалдар шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жыйынтыгы иретинде "Айыл Банк" ААКсынын www.ab.kg дареги боюнча жайгашкан расмий сайтына, "Айыл Банк" ААКсынын социалдык түйүндөрдөгү баракчаларына, ошондой эле кайсыл болбосун жалпыга маалымдоо каражаттарында жана маалымат порталдарында жарыяланат.
5.6. Белек алуудан баш тарткан учурда, жеңүүчү Баш тартуу катына кол коет жана ага паспортунун көчүрмөсүн тиркейт.
5.7. Төмөнкү учурларда белек 2-пунктта белгиленген шарттарды аткарган шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын кезектеги жеңүүчүсүнө өткөрүлүп берилет:
   5.7.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүсү Бишкек шаары, Чокан Валиханов атындагы көчө, 2 дареги боюнча жайгашкан "АЮ GRAND" Соода борборунда 2024-жылдын 23-майында өткөрүлгөн “Береке” мобилдик тиркемесинин бет ачарына катышпаган болсо.
   5.7.2. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын уюштуруучу жеңүүчүгө чалып, ала албаса же ал берген байланыш маалыматтары боюнча жеткиликтүү эмес болсо.
   5.7.3. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүсү "Айыл Банк" ААКсынын белек алуудан баш тартса.
   5.7.4. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүсү "Айыл Банк" ААКсынын аброюна потенциалдуу репутациялык тобокелдик жаратса.
   5.7.5. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын жеңүүчүсү банктык сырды, жеке маалыматтарды ачыктоо жана маалыматты "Айыл Банк" ААКсынын атынан кайсыл болбосун жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоого макулдук катка кол койбосо.
   5.7.6. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын "Айыл Банк" ААКсынын алып жаткан белекти кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына кол койбосо.

## 6. Катышуучулардын укуктары жана милдеттери

6.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуусу төмөнкүлөргө милдеттенет:
   6.1.1. «Береке» мобилдик тиркемесинин анык колдонуучусу жана тиркеменин жаңы версиясынан пайдалануучусу болууга;
   6.1.2. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын шарттарын, ушул Эрежелердин Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды өткөрүү шарттары” деп аталган бөлүгүнүн шарттарын сактоого;
   6.1.3. Жеңип чыгуучу аталуу максатында шылуундук жана алдамчылык аракеттерге барбоого;
   6.1.4. Google Forms кызматында уюштуруучунун суроолоруна чын дилинен жооп берүүгө, алар үчүн шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучусу 1 (бир) суроого туура жооп бергендиги үчүн 1 (бир) упай алат.
   6.1.5. “Береке” мобилдик тиркемеси жана/же "Айыл Банк" ААКсынын ишкердиги тууралуу суроолорду сүрөткө же видеого тартып албоого;
   6.1.6. Белек тапшырылган учурдан тартып жеңүүчү Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде белгиленген бардык сый акы салыктарын жана башка милдеттүү төлөмдөрдү, жыйымдар менен туумдарды төлөөгө жеке жоопкерчилик тартат.
6.2. Акциянын катышуучуларынын укуктары:

6.2.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын ачык-айкын жана адилеттүү өткөрүлүшүн талап кылууга.

## 7. Уюштуруучунун укуктары жана милдеттери

7.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын уюштуруучусу төмөнкүлөргө милдеттенет:

7.1.1. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын адилеттүү, ачык-айкын өткөрүлүшүнө жана алардын жыйынтыктары үчүн жоопкерчилик алат.

7.2. Банктын кызматкерлери шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучулары тарабынан жеңишке жетишүү үчүн колдонулушу мүмкүн болгон шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралар, суроолорго жооптор жана башка маалыматтардын таратылбашы үчүн милдеттенме алышат.

7.3. Белектердин талаптагыдай таркатылышына жоопкерчилик алат.

7.4. Банк бардык кардарларга жана шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучуларына “Береке” мобилдик тиркемесинин бет ачары боюнча шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын эрежелерди www.ab.kg дареги боюнча жайгашкан расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу маалымдайт.

7.5. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды уюштуруучунун укуктары:

7.5.1. Катышуучудан шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын шарттарын сактоону талап кылууга.

7.5.2. Кайсыл болбосун учурда, бир тараптуу негизде жана себептерин түшүндүрбөстөн катышуучулар жана жеңүүчүлөр тизмесинен төмөндөгүдөй шектенүүлөрдү жараткан жактарды чыгарып салууга:

7.5.2.1 белектерди негизсиз алууга багытталган шылуундук аракеттерге баргандарды;

7.5.2.2 Банкка кандайдыр бир чыгымдарды алып келиши же анын аброюна доо акетириши мүмкүн болгон аракеттерге баргандарды;

7.5.2.3 Банктын репутациялык аброюна доо кетире турган аракеттерди жасагандарды, атап айтканда социалдык тармактарда же башка коомдук-жеткиликтүү аянтчаларда жагымсыз коментарийлерди, сөздөрдү жазгандыгы үчүн.

7.6. Ушул Эрежеге кайсыл болбосун учурда толуктоо жана/же өзгөртүү киргизүү укугун өзүндө калтырат.

7.7. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын ушул Эрежелерине кандай болбосун өзгөртүүлөр жана толуктоолор Банк тарабынан белгилеген күнү күчүнө кирет жана шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын бардык катышуучуларын камтыйт. Ушул Эрежелердин жаңы редакциясы күчүнө киргенден тартып, шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучуларынын шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларга катышуусун улантуусу, катышуучунун ушул Эрежелердин жаңы редакциясын кабыл алгандыгын билдирет.

7.8. Банк, эгерде Google Forms упайларды ашыкча/катачылык менен/туура эмес чегерип алган ошол учурда, ашыкча/катачылык менен/туура эмес чегерип алуу себептерине көз карандысын жокко чыгарууга (толугу менен же жарым-жартылай) укуктуу.

7.9. Банк, эгерде ушул шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын кайсыл болбосун аспекти, кандай болбосун себептерден, анын ичинде шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды аткарууга, анын коопсуздугуна кедергисин тийгизген, Банк контролдукка ала албай калган себептерден улам пландаштырылгандай өткөрүлбөгөн учурда, өз ыңгайына жараша, бир тараптуу негизде шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чараларды токтотууга, өзгөртүүгө жана убактылуу токтотуп турууга укукту өзүндө калтырат.

## 8. **Корутунду жоболор**

8.1. Катышуучулардын “Береке” мобилдик тиркемесине кирүүсү жана Google Forms аркылуу жоопторду тандоо, катышуучунун “Береке” мобилдик тиркемесине кирүүсү учурунда колдонууда турган ушул Эрежелер шарттарына макулдук жана аларды кабыл алуу катары бааланат, анын ичинде ушул Эрежелер шарттары өзгөргөн учурда, макулдук алынган катары таанылат.

8.2. Шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучулары уюуштуруучунун техникалык системаларынын иш өзгөчөлүгүнөн улам техникалык калпыстыктар келип чыгышы ыктымалдыгын менен макул болушту. Уюштуруусу андай калпыстыктарды ыкчам чечүү үчүн тиешелүү аракеттерди көрөт. Уюштуруучудан көз каранды болбогон, анын ичинде шыктандыруучу (интерактивдик) иш-чаралардын катышуучусунун уюлдук байланыш түйүнүнүн, жалпы байланыш түйүнүнүн иш алып баруу жигеринен, катышуучунун жабдууларынын иш алып баруусунан, уюштуруучунун системаларынын техникалык өзгөчөлүктөрүнүн иш алып баруусунун кесепетинен келип чыккан жагдайлардан улам кызмат көрсөтүүлөрдү аткара албай калганы же болбосо кечеңдетип аткаргандыгы үчүн уюштуруучу жоопкерчилик тартпайт.

8.3. Банк, алардын катарында бөөдө кырсыктар, өрттүн чыгышы, суу ташкыны, согуш аракеттери, массалык баш аламандык, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына олуттуу өзгөртүүлөр киргизилгендиги, ошондой эле Банктын эркине жана контролдугуна көз карандысыз (көз каранды) болгон башка алгылыктуу чаралар менен бөгөт кое албаган күтүүсүз келип чыккан жагдайлардын кесепетинен ушул катышуучулар алдында жоопкерчилик тартпайт

8.4. Ушул Эреже менен жөнгө салынбаган башкы масалелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары жана Банктын ички ченемдик документтери менен жөнгө салынат.